УДК 343:342.9

**КУБАТОВ И. К.**
*КНУ им. Ж. Баласагына, Бишкек.*
**KUBATOV I. K.**
*J. Balasagun KNU, Bishkek*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮНҮН АДМИНИСТРАТИВДИК-УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕРИ

## Административно-правовые проблемы борьбы с коррупцией в кыргызской республике

## Administrative and legal issues for fighting corruption in the kyrgyz republic

*Бул макалада, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарындагы коррущияга карты курвшуунун административдик-укуктук маселелери тушунугу, белгилери жана негизги мунвздвмвлвру аныкталат жана коррущияга карты курвшуудвгу негизги тенденциялар жана учурдагы кемчиликтер белгиленет.*

***Урунттуу свздвр:*** *мамлекеттик тузулуш, мамлекеттик орган, коррупция, укук бузу, кылмыш, мыйзамдуулук, мыйзам.*

*В этой статье, определены понятие, признаки и основные характеристики административно-правовые проблемы борьбы с коррупцией в государственных органах Кыргызской Республики и раскрыты основные тенденции и недостатки в борьбе с коррупцией.*

***Ключевые слова:*** *государственное устройство, государственные органы, коррупция, правонарушение, преступление, законность, закон.*

*In this article, we define the concept, features and main characteristics of the administrative and legal problems of struggle against corruption in the state bodies of the Kyrgyz Republic and covers the main trends and gaps in the fight against corruption.*

***Key words:*** *political system, government, corruption, crime, crime, the legality of the law.*

«Коррупция» (латын сезу corruptio - начарлоо, бузулуу) этимологиялык жактан сатылуучулук, кызмат адамдарын, саясий ишмерлерди сатып алуу, мамлекеттик жана коомдук органдардын кылмыш дуйнесунун уюшкан тузумдеру менен биригип кетуусу дегенде билдирет [1].

Коррупциянын татаалдыгы жана кеп кырдуулугу анын илимий, окуу жана коомдук-публицистикалык адабияттарда кездешуучу кеп сандаган аныктамаларын шарттайт. Коррупциянын кесепети мамлекеттик тузулушке, адамдын жана жарандын укуктарына, элдин социалдык абалына эбегейсиз зыян алып келе тургандыгы талашсыз. Мына ошондуктан, 2003-жылдын 9-декабрында Мексика елкесунун Мерида шаарында БУУнун «Коррупцияга карты эл аралык курешуу женунде» расмий иш-кагазына кол коюулуп, 2004-жылдан тартып 9-декабрь БУУнун Генералдык Ассамбелясы тарабынан “Коррупцияга каршы курешуу куну" катары жарыяланып белгиленип келет. Коррупциянын женунде мазмундуу тушундуме аталган иш кагазында камтылган: «... коррупция - бул жеке максаттарда пайда алуу учун мамлекеттик бийликти кыянаттык менен пайдалануу» [3].

Мамлекеттик кызматчылар тарабынан кызматтык ыйгарым-укуктарын колдонуу менен кылмыш жасоосу, XIX кылымда эле кызматтык кылмыштардын езгвчелугу катары таанылып келген. Орус юристтери кызматтык кылмыштардын взгвчв маанилуулугун баса белгилешкен. Маселен, орус окумуштуусу Н.М.Коркунов, кызмат адамдарынын кылмыштуулугу, жеке жактардын укук бузууларына Караганда, мыйзамдын беделин, юридикалык тартиптин бекемдигин кебуреек солгундатат: алар жалпы мамлекеттин кызыкчылыктарына тузден-туз терс таасир тийгизет деп адилеттуу белгилейт *[2]*.

Юридикалык адабияттарда айрым окумуштуулар “коррупция” тушунугунун бир нече өз-ара окшош аныктамаларын сунушташат. Профессор Куракин А.В. «жалпы элдик кызмат

адамдарынын езунун макамын жана ага байланыштуу болгон мумкунчулуктерун езунун пайдасына же учунчу жактардын пайдасына мулктук жана мулктук эмес баалуулуктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу учун пайдалануусу, ошондой эле жалпы элдик кызмат адамдарын жеке жана юридикалык жактар тарабынан аталган баалуулуктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз беруу аркылуу сатып алуусу», деп белгилейт [4].

Ал эми, профессор В.В.Лунеев «коррупция бир гана жашыруун эмес, ошондой эле жасоонун макул болуучу мунезуне ээ, ал адатта, езунун артынан даттануулары алып келбейт, анткени кунеелу тараптар езу же башка адамдар учун мыйзамсыз келишимден пайда алышат», деп эсептейт [5].

Жалпысынан, коррупция, кылмыштуу жана кылмыштуу эмес мунездегу жосундардын жыйындысынан турган, татаал жана кеп кырдуу керунуш катары, езунун мацызы боюнча бир турдуу эмес жана ар кандай формаларга ээ. Бул тузден туз материалдык пайдалар, коммерциялык келишимдерди жасоодогу жецилдиктер, ар турдуу кызматтык кыянаттыктарды жазасыз жасоо мумкунчулугу жана башкалар.

Азыркы убакта коррупциялык ез-ара мамилелердин турлерунун (формаларынын) ар-турдуу классификациялары бар. Аларды чектее ар-кандай авторлор тарабынан езунун келему жана мазмуну боюнча ар-турдуу критерийлерди колдонуу менен ишке ашырылат. Коррупциянын турлерунун (формаларынын) мындай кеп турдуулугу, аны типтештируунун критерийлерин аныктоого бирдиктуу кез караштын жоктугу менен шартталат. Мисалы, мамлекеттик кызмат тутумундагы коррупцияны турлерге чектее эц бир маанилуу жана олуттуу критерийлердин негизинде ишке ашырылышы керек. Алардын катарына коррупциялык жосундардын коомдук коркунуч децгээлин, коррупциялык мамилелердин катышуучуларынын субъекттик курамын, алардын кызматтык абалын, коррупциялык байланыштардын мезгилдуулугун жана башка бир катар критерийлерди кошууга болот.

Минтип коррупцияны езунче формаларга чектее мамлекеттик кызматкердин коррупциялык журум-турумунун табиятын жана мацызын терецирээк тушунууге жардам берет, аны алдын алуу жана профилактикалоо боюнча натыйжалуу жана даректуу чараларды иштеп чыгууга ебелге болот.

Коррупцияны формаларга чектееде маанилуу критерий, анын мезгилдуулугу болот. Бул критерийге байланыштуу ***тутумдук жана эпизодтук*** коррупцияны белуп кароого болот.

Тутумдуу коррупциянын мацызы бийлик екулдеру менен жарандардын же юридикалык жактардын ортосундагы коррупциялык байланыштардын узактыгында жана туруктуулугунда белгиленет. Эпизодтук коррупция -бул жеке баюу максатында мамлекттик кызматкер тарабынан маал-маалы менен жасалып туруучу, коррупциялык мунездегу езунче жосундар.

Кыргыз Республикасынын тарыхында коррупцияга каршы курешуунун бирден бир негизги укуктук актысы болуп, 2012-жылдын 8-августунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенуу женунде» N 153 Мыйзамы эсепетелет *[6]*.

Аталган мыйзамда, коррупция - бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга беруу, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч тузуучу укукка каршы туруктуу байланыштарды тузууде атайылап жасалган жосун деп белгиленет.

Демек, «Коррупцияга каршы аракеттенуу женунде» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын кабыл алынышы менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын ишмердуулугу боюнча маалыматтарды тутумдуу чогултууну, талдоону жана бириктируунуаткаруу боюнча иш башталышы керек. Бул иш-чаралардын негизги максатты - укуктук женге салуунун пландаштырылган жыйынтыктарга дал келуусун аныктоо.

Аталган мыйзам коррупцияны профилактикалоо боюнча чаралар катары коомдук жана парламенттик кеземелду аныктаган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик кызмат женунде» мыйзамына таяна турган болсок, КРнын укук-ченемдик актылары менен

аныкталган тизмеге кирген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, жумуш беруучунун екулуне езунун кирешелери, мулку жана мулктук мунездегу милденттенмелери женунде жана ез уй-буле мучелерунун кирешелери, мулктеру жана мулктук мунездегу милденттенмелери женундегу маалыматтарды мыйзамда керсетулген меенетте берип турууга милдеттуу.

Бирок, ченемде мындай маалыматтарды качан бериш керек экендиги, жазылган эмес. Анын чечмеленишине таянып, бул бир жолку аракет экендигин божомолдоого болот. Биздин оюбузча, мындай маалыматтарды мезгил-мезгили менен (жок эле дегенде - жылына бир жолу) берип туруу гана мамлекеттик кызматкердин кирешесине дал келбеген «каржылык жана мулктук осушун» аныктап, коррупциянын алдын алууга иштей алат.

Дуйно мамлекеттериндеги коррупциянын денгээлин иликтеген «Transparency international” эл аралык уюму жакында жылдык докладын жарыялады. Анын иликтоосу боюнча, Кыргызстан байкоо салынган 133 мамлекеттин ичинен 118инчи орунду ээледи. Буга Кыргызстандын мамлекеттик кызматчылары менен саясатчыларынын арасында коррупциянын ото жогору децгээлде онукконДугу негиз берет.

«Transparency international» эл аралык уюму дуйнедегу 133 мамлекеттеги коррупциянын децгээлин 10 баллдык ченем менен елчеген. Анын жыйынтыгында, иликтееге алынган мамлекеттердин 70 процентинде коррупциянын децгээли 5 баллдык корсоткучко жетпей тургандыгы анык болгон.

Жакынкы аралыкта мамлекеттик денгээлде дагы башка эл аралык укук-ченемдик актылардын кабыл алынышы мумкун болгондуктан, бийлик органдарындагы коррупцияга таасир этуунун укуктук чараларын ишке ашьфуунун чет элдик тажрыйбасынын айрым аспектилерин изилдоо бизге маанилуу корунот. Мамлекеттик децгээлде коррупцияга карты стратегияны калыптандырышкан, коррупциялангандык рейтинги боюнча биринчи жыйьфмалыкка кирген, коррупция жок маанисинде өвлколордун катарындагыларга твмвнкулвр кирет: Финляндия, Дания, Жаны Зеландия, Исландия, Сингапур, Швеция, Канада, Нидерланды, Люксембург, Норвегия, Австралия, Швейцария, Улуу Британия, Гонконг, Австрия, Израиль, АКШ, Чили, Ирландия, Германия, Япония.

Жогоруда келтирилген елкелердегу коррупцияга карты ишмердуулукту уюштуруунун айрым езгечелуктеру теменкуге барып такалат: коррупция бул елкелердун екметтеру тарабынан улуттук коопсуздуктун олуттуу кейгейу катары каралат. Мисалы, Туштук Кореянын 2002-жылдын 1-январынан тарта кучуне кирген «Коррупция менен курешуу женундегу» жацы мыйзамын эталон деп атап келишет. Ага ылайык елкенун каалаган жашы жеткен жаранына коррупцияга байланыштуу иликтеену баштоого укук берилген: аудит жана инспекция боюнча комитет (елкедегу башкы коррупцияга карты орган) каалаган арыз боюнча иликтеену баштоого милдеттуу *[7]*.

Ал эми Японияда, кепчулук елкелердегудей эле, коррупция менен курешуунун негизги багыттарынын бири болуп кадр саясаты эсептелет. Бул жакта мамлекеттик башкаруу меритократия принцибинде тузулген жана кызматка багытталган. Япон кызмат адамдарына татыктуу эмгек акыга кепилдик берилген.

2001-жылдын апрель айында Японияда «Маалыматгы ачыктоо женундегу» Мыйзам кучуне кирген. Бул акт жарандарга екметтук мекемелерде бар болгон расмий маалыматтарды алууга болгон укукту кепилдендирет, жана екмет белгилуу бир маалыматтарды ачыктабоо чечимин кабыл алган учурларда, маалыматты ачыктоону кеземелдее боюнча Кецешке апелляция беруу мумкунчулугун берет. Бул шарттар коомдук топторго бир нече коррупциялык учурларды ачыкка чыгарууга мумкундук берген.

Кыргыз мыйзамдарынын «кейгейлуу» учурларын кароодо, коррупция менен курешууге багытталган бирдиктуу кодификацияланган актынын жоктугу бул «улуттук кейгейду» натыйжалуу чечууге тоскоолдук боло албастыгын далилдей алган, Япониянын тажрыйбасын эске алуу керек. Бул жакта коррупцияга карты мунездегу ченемдер бири-бирин толуктаган кепчулук улуттук мыйзамдарда камтылган.

Мамлекеттик органдарда коррупциялык керунуштерду аныктоого, алдын алууга жана

жок кылууга багытталган чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу, жергиликтуу мамлекеттик органдарга болгон ишенимди жогорулатуу керек.

Жарандардын мамлекеттик органга болгон кайрылууларында камтылган маселелерди чечууну кеземелдеену кучетууге байланыштуу, мыйзамдык бекитилген орнотмолор мындай иштин механизмин жакшыртууга кемектешет. Ошол эле маалда кызматкерлердин арасындагы ыктымалдуу коррупциялык керунуштер женундегу маалыматтарды ете дыкаттык менен текшеруу керек. Жарандардын арыздарын (кайрылууларын) кароонун натыйжалары, жургузулген кызматтык текшеруулердун жыйынтыктары женундегу маалыматтарды мамлекеттик органдардын интернеттеги расмий сайттарынын атайын белумдеруне жуктее щарт.

Заманбап турмуштун интерактивдуу белугунун кецири таргандыгын эске алуу менен, калк менен натыйжалуу кайра байланышууну тузуу -мамлекеттик органдар тарабынан жасалган коррупциялык керунуш фактыларына дагы ыкчам аракеттенуусунун ачкычы.

***Колдонулган булактардын тизмеси***

1. Шестернина Н.Л. Толковый словарь иностранных слов. М., 1998. С. 57.
2. Коркунов Н.М. Конституционное право России. 2-изд. - СПб. Екатеринбург, 1990
3. Гаухман, Л. Коррупция и коррупционное преступление // Законность. - 2000. - № 6
4. Куракин, А.В. Административно-правовые средства предупреждения и пресечения коррупции в системе государственной службы Российской Федерации / А.В. Куракин. Автореф.... докт. юрид. наук. - Люберцы, 2008.
5. Лунев, В.В. Снисходительность властей к коррупционерам доведена до абсурда // Чистые руки. - 1999. - № 2
6. Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенуу женунде» N 153 Мыйзамы.
7. Нурутдинов, А.З. Коррупция как общеправовой феномен /А.З. Нурутдирнов. -Нижний Новгород, 2004.